Кыргыз Республикасынын төлөм системасынын абалы жөнүндө
2023-жылдын IV чейреги үчүн

# ОТЧЕТ


## 1. Накталай акча жүгүртүү түзүмү

Нак акчанын коммерциялык банктардын кассаларына кайтарымдуулугу 2023-жылдын IV чейрегинде 99,7 пайызды түзүп, 2022-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 0,6 пайызга көбөйгөн (2022-жылдын IV чейрегинде нак акчанын кайтарымдуулугу 99,1 пайызды түзгөн).

**1-таблица. Накталай акчанын коммерциялык банктардын кассалары аркылуу жылышы** (млн сом)

| Региондун аталышы | Келип түшүүлөр | | Берүүлөр | | Кайтарымдуулук, % | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2022-ж. IV чейреги | 2023-ж. IV чейреги | 2022-ж. IV чейреги | 2023-ж. IV чейреги | 2022-ж. IV чейреги | 2023-ж. IV чейреги |
| **Бардыгы болуп:** | **1 230 655,8** | **1 310 222,4** | **1 241 474,0** | **1 313 855,6** | **99,1** | **99,7** |
| Бишкек ш. | 741 590,1 | 725 791,8 | 742 226,6 | 718 340,2 | 99,9 | 101,0 |
| Ош ш. | 127 762,2 | 139 721,4 | 128 783,5 | 142 674,0 | 99,2 | 97,9 |
| Чүй областы | 82 673,7 | 119 293,9 | 82 163,2 | 118 177,5 | 100,6 | 100,9 |
| Ысык-Көл областы | 48 515,1 | 54 126,9 | 50 407,1 | 56 084,2 | 96,2 | 96,5 |
| Талас областы | 23 582,5 | 29 092,2 | 25 002,2 | 31 212,7 | 94,3 | 93,2 |
| Нарын областы | 23 385,1 | 29 884,1 | 24 483,2 | 30 376,2 | 95,5 | 98,4 |
| Ош областы | 39 063,2 | 44 500,5 | 39 115,1 | 44 472,4 | 99,9 | 100,1 |
| Жалал-Абад областы | 101 196,5 | 112 926,6 | 106 602,1 | 117 695,8 | 94,9 | 95,9 |
| Баткен областы | 42 887,4 | 54 885,1 | 42 691,0 | 54 822,6 | 100,5 | 100,1 |

**1-график. Региондор боюнча коммерциялык банктардын кассаларына кайтарымдуулук (%)**




2022-жылдын IV чейрегине салыштырганда 2023-жылдын IV чейрегинде төмөнкү региондордо коммерциялык банктардын кассаларына нак акчанын кайтарымдуулугу өскөн:

- Бишкек шаары боюнча – 1,1 пайызга;
- Нарын областы боюнча – 2,9 пайызга;
- Жалал-Абад областы боюнча – 1,0 пайызга;
- Чүй областы боюнча – 0,3 пайызга;
- Ысык-Көл областы боюнча – 0,3 пайызга;
- Ош областы боюнча – 0,2 пайызга.

2023-жылдын IV чейреги ичинде нак акча кайтарымдуулугунун кыйла жогору көрсөткүчү Бишкек шаары боюнча катталып 101,0 пайызды түзгөн, ошондой эле Чүй областы боюнча – 100,9 пайыз, Баткен жана Ош областтары боюнча – 100,1 пайыз чегинде катталган.


Ал эми нак акчанын кайтарымдуулугу боюнча кыйла төмөн көрсөткүч Талас областы боюнча – 93,2 пайыз, Ысык-Көл областы боюнча – 96,5 пайыз, Нарын областы боюнча – 98,4 пайыз, Жалал-Абад областы боюнча – 95,9 пайыз.

Отчеттук мезгил ичинде коммерциялык банктардын кассаларына нак акчанын түшүүсү 2022-жылдын IV чейрегине салыштырганда 6,5 пайызга көбөйүү менен 1 310 222,4 млн сомду түзгөн.


Коммерциялык банктардын кассаларына негизги булактар боюнча нак акчанын түшүүсү 1 082 472,4 млн сом түзгөн жана төмөнкүчө белгиленген:

- коммерциялык банктын филиалдарынан, сактык кассаларынан жана алмашуу пункттарынан – 417 374,2 млн сомду, көбөйүү 4,9 пайызды түзгөн (2022-жылдын IV чейрегинде – 397 805,5 млн сом);

**2-график. 2022-жылдын IV чейреги ичинде коммерциялык банктардын кассаларына келип түшүүлөрдүн негизги булактары (млн сом)**




**3-график. 2023-жылдын IV чейреги ичинде коммерциялык банктардын кассаларына келип түшүүлөрдүн негизги булактары (млн сом)**




- товарларды сатып өткөрүүдөн – 56 378,0 млн сомду, көбөйүү 6,5 пайызды (2022-жылдын IV чейрегинде – 52 938,0 млн сомду) түзгөн;
- банкоматтарды жана төлөм терминалдарын инкассациялоодон – 276 977,6 млн сом, көбөйүү 5,0 пайыз (2022-жылдын IV чейрегинде – 263 797,2 млн сом) чегинде катталган;
- локалдык акча которууларды жүзөгө ашыруудан – 53 730,0 млн сомду, азаюу 19,8 пайызды (2022-жылдын IV чейрегинде – 67 007,1 млн сом) түзгөн;
- кызмат көрсөтүүлөрдү ишке ашыруудан жана аткарылган иштерден – 105 343,4 млн сомду, азайуу 19,1 пайызды (2022-жылдын IV чейрегинде – 130 264,4 млн сомду) түзгөн;
- чет өлкө валютасын сатуудан – 172 669,2 млн сом, көбөйүү 21,6 пайызды түзгөн (2022-жылдын IV чейрегинде – 142 036,8 млн сом) чегинде катталган.


Коммерциялык банктардын кассаларынан берилген нак акча 2023-жылдын IV чейрегинде 1 313 855,6 млн сомду түзүп, өткөн жылдын ушул эле чейрегине салыштырганда 5,8 пайызга көбөйгөн.

2023-жылдын IV чейрегинде коммерциялык банктардын кассаларынан нак акча төмөнкү негизги багыттар боюнча берилген 1 076 532,7 млн сомду түздү:


- коммерциялык банктын филиалдарына, сактык кассаларына жана алмашуу бюролоруна – 419 600,2 млн сом берилген, көбөйүү 5,2 пайызды түзгөн (2022-жылдын IV чейрегинде – 398 768,6 млн сом);
- кызмат көрсөтүүлөр жана аткарылган иштер үчүн төлөөгө – 63 991,6 млн сом берилген, азаюу 31,3 пайызды түзгөн (2022-жылдын IV чейрегинде – 93 138,8 млн сом);
- банкоматтарды толуктоого – 360 121,5 млн сом багытталган, көбөйүү 12,2 пайызды (2022-жылдын IV чейрегинде – 320 917,8 млн сомду) түзгөн;
- локалдык акча которуулар үчүн төлөөгө – 44 301,0 млн сом берилген, азаюу 28,7 пайызды (2022-жылдын IV чейрегинде – 62 149,0 млн сомду) түзгөн;
- товарлар үчүн төлөөгө – 10 927,2 млн сом берилген, азаюу 10,4 пайыз (2022-жылдын IV чейрегинде – 12 198,6 млн сом) чегинде белгиленген;
- чет өлкө валютасын сатып алууга – 176 459,4 млн сом берилген, азаюу 2,0 пайызды түзгөн (2022-жылдын IV чейрегинде – 180 175,7 млн сом);

- эмгек акыны төлөөгө – 1 131,8 млн сом берилген, көбөйүү 30,4 пайыз (2022-жылдын IV чейрегинде – 868,0 млн сом) чегинде катталган.

**4-график. 2022-жылдын IV чейреги ичинде коммерциялык банктардын кассаларынан берилген акча каражаттарынын негизги багыттары (млн сом)**




**5-график. 2023-жылдын IV чейреги ичинде коммерциялык банктардын кассаларынан берилген акча каражаттарынын негизги багыттары (млн сом)**




## 2. Накталай эмес төлөмдөр жана эсептешүүлөр түзүмү

### 2.1. Майда чекене жана утурумдук төлөмдөрдүн пакеттик клиринг системасы (ПКС)

2023-жылдын IV чейрегинин жыйынтыгы боюнча ПКС аркылуу төлөмдөрдүн көлөмү 110 529,1 млн сомду түзүү менен өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 46,9 пайызга көбөйгөн. Отчеттук мезгилде ПКС аркылуу 2 524 970 төлөм жүргүзүлүп, 2022-жылдын IV чейрегине салыштырганда алардын саны 26,9 пайызга көбөйгөн.

### 2.2. Айкын убакыт ыргагында эсептешүүлөрдүн гросстук системасы (ГСРРВ)

ГСРРВ аркылуу төлөмдөрдүн жалпы көлөмү 2023-жылдын IV чейрегинде 3 823 910,2 млн сомду түзгөн жана өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 9,4 пайызга көбөйгөн. Бардыгы болуп ГСРРВ аркылуу 319 968 төлөм жүргүзүлгөн. Бул көрсөткүч өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 42,8 пайызга өскөн.

**2-таблица. Клирингдик жана гросстук төлөмдөрдүн саны жана көлөмү**

| Мезгили | ПКС | | ГСРРВ | | Жыйынтыгында | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | Саны | Көлөмү (млн сом) | Саны | Көлөмү (млн сом) | Саны | Көлөмү (млн сом) |
| 2022-ж. IV чейреги | 1 989 933 | 75 219,9 | 224 019 | 3 494 887,3 | 2 213 952 | 3 570 107,2 |
| 2023-ж. IV чейреги | 2 524 970 | 110 529,1 | 319 968 | 3 823 910,2 | 2 844 938 | 3 934 439,3 |

### 2.3. Чек ара аркылуу өтүүчү төлөмдөр

Отчеттук чейрек ичинде катышуучулардын чек ара аркылуу өтүүчү төлөмдөрү көбүнчө SWIFT билдирүүлөрүн жөнөтүү каналын пайдалануу менен өткөрүлгөн.

2023-жылдын IV чейрегинде кирген төлөмдөрдүн жалпы көлөмү 2 949,5 млрд сомду түзүп, өткөн жылга салыштырганда 1,6 эсеге көбөйгөн. Чыккан төлөмдөрдүн жалпы көлөмү 2 632,8 млрд сомду түзүп, өткөн жылга салыштырганда 1,2 эсеге өскөн.

**3-таблица. Чек ара аркылуу өтүүчү төлөмдөрүнүн көлөмү**

| Төлөмдөр (млрд сом) | 2023-жылдын I чейреги | 2023-жылдын II чейреги | 2023-жылдын III чейреги | 2023-жылдын IV чейреги | Жыл башынан тартып бардыгы |
|---|---|---|---|---|---|

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| Кирген төлөмдөр | 1 913,9 | 2 253,8 | 2 150,0 | **2 949,5** | **9 267,2** |
| Чыккан төлөмдөр | 2 200,2 | 2 966,4 | 2 375,1 | **2 632,8** | **10 174,5** |

2023-жылдын ичинде кирген төлөмдөрдүн жалпы көлөмү 9 267,2 млрд сомду түздү жана 2022-жылга салыштырганда 1,9 эсеге көбөйгөн. Чыккан төлөмдөрдүн жалпы көлөмү 10 174,5 млрд сомду түзүп, 2022-жылга салыштырганда 1,8 эсеге өскөн.

**2.4. Акча которуулар**


2023-жылдын IV чейреги ичинде эл аралык акча которуу системалары боюнча кирген которуулардын жалпы саны 48,2 млрд сом суммасында 1 815,9 миң транзакцияны түзүп, өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда көрсөткүчтөр, тиешелүүлүгүнө жараша, 16,5 жана 18,0 пайызга азайган. Чыккан которуулардын саны 11,7 млрд сом жалпы суммасында 151,4 миң транзакцияны түзүү менен өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда көрсөткүчтөр, тиешелүүлүгүнө жараша, 65,2 жана 32,7 пайызга азайган.

2023-жылдын ичинде эл аралык акча которуу системалары боюнча кирген которуулардын жалпы саны 133,9 млрд сом суммасында 5 301,3 миң транзакцияны түзүп, 2022-жылга салыштырганда көрсөткүчтөр, тиешелүүлүгүнө жараша, 47,6 жана 49,7 пайызга азайган.


Чыккан которуулардын саны 51,5 млрд сом суммасында 631,6 миң транзакцияны түзүү менен 2022-жылга салыштырганда көрсөткүчтөр, тиешелүүлүгүнө жараша, 52,5 жана 30,4 пайызга кыскарган.

Кыргыз Республикасынын региондору боюнча алганда 2023-жылдын IV чейреги ичинде кирген жана чыккан которуулардын көлөмү боюнча көбүрөөк салыштырма салмак Бишкек шаарына туура келген: кирген которуулардын жалпы көлөмүнүн 32,0 пайызы жана чыккан которуулардын жалпы көлөмүнүн 67,7 пайызы.

**6-график. 2023-жылдын IV чейреги ичинде областтар боюнча кирген акча которуулардын үлүшү (%)**




**7-график. 2023-жылдын IV чейреги ичинде областтар боюнча чыккан акча которуулардын үлүшү (%)**




2023-жылдын IV чейреги ичинде республиканын коммерциялык банктары тарабынан Кыргыз Республикасында акча которуулар системасы боюнча которууларды жүзөгө ашыруу эрежелеринин которууларды финансылык камсыз кылуу талаптары сакталган.

Отчеттук чейрек ичинде жана 2023-жылдын ичинде эл аралык акча которуулар валютанын төмөнкү төрт түрү боюнча жүзөгө ашырылган:

**- АКШ долларында акча которуулар**

2023-жылдын IV чейрегинде кирген которуулардын жалпы саны 123,8 млн АКШ доллары суммасында 217,5 миң транзакцияны түзүп, өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда которуулардын саны 9,5 пайызга азайып, ал эми көлөмү 13,6 пайызга көбөйгөн. Чыккан которуулардын саны 94,5 млн АКШ доллары суммасында 89,1 миң транзакцияны түзүп, өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда көрсөткүчтөр, тиешелүүлүгүнө жараша, 73,0 жана 32,3 пайызга азайган.

2023-жылдын ичинде кирген которуулардын жалпы саны 432,2 млн АКШ доллары суммасында 865,4 миң транзакцияны түзүү менен 2022-жылга салыштырганда көрсөткүчтөр, тиешелүүлүгүнө жараша, 39,0 жана 25,1 пайызга азайган. Ал эми чыккан которуулардын саны 436,6 млн АКШ долларында 367,8 миң транзакцияны түзүү менен 2022-жылга салыштырганда көрсөткүчтөр, тиешелүүлүгүнө жараша, 54,4 жана 18,9 пайызга азайган.

**- Евро түрүндө акча которуулар**

Отчеттук чейректин жыйынтыгы боюнча 7,1 млн евро жалпы суммасында 16,0 миң кирген которуулар ишке ашырылып, өткөн жылга салыштырганда көрсөткүчтөр, тиешелүүлүгүнө жараша, 26,8 жана 19,4 пайызга көбөйгөн. Чыккан которуулардын саны 0,3 млн евро жалпы суммасында 0,5 миң транзакцияны түзүү менен өткөн жылга салыштырганда, которуулардын саны 25,0 пайызга көбөйгөн, көлөмү өзгөргөн эмес.

2023-жылдын жыйынтыгы боюнча 27,0 млн евро суммасында 62,5 миң кирген которуулар ишке ашырылып, 2022-жылга салыштырганда көрсөткүчтөр, тиешелүүлүгүнө жараша, 66,0 жана 24,1 пайызга азайган.

Чыккан которуулардын саны 0,9 млн евро суммасында 1,7 миң транзакцияны түзүп, өткөн жылга салыштырганда көрсөткүчтөр, тиешелүүлүгүнө жараша, 78,1 жана 37,0 пайызга азайган.

**- Орус рублинде акча которуулар**

Отчеттук мезгил ичинде 36 707,1 млн рубль суммасында 1 582,4 миң кирген которуу өткөрүлүп, өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда, которуулардын саны 19,3 пайызга азайган, ал эми анын көлөмү 4,8 пайызга көбөйгөн. Чыккан которуулар боюнча 3 270,3 млн рубль суммасында 60,9 миң транзакция ишке ашырылган, мында өткөн жылга салыштырганда которуулардын саны 33,4 пайызга азайган, ал эми анын көлөмү 10,7 пайызга көбөйгөн.

2023-жылдын ичинде 4 501,4 миң кирген которуу жүргүзүлүп, анын суммасы 130 640,2 млн рублди түзгөн, бул көрсөткүчтөр 2022-жылга салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша, 8,9 жана 51,6 пайызга азайган. Чыккан которуулар боюнча 12 580,8 млн рубль суммасында 257,7 миң транзакция өткөрүлүп, 2022-жылга салыштырганда көрсөткүчтөр, тиешелүүлүгүнө жараша, 40,0 жана 42,2 пайызга азайган.

**- Казак теңгесинде акча которуулар**

2023-жылдын IV чейрегинде чыккан которуулар 168,6 млн теңге жалпы суммасында 1,0 миң транзакцияны түзүү менен көрсөткүчтөр өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша, 24,0 жана 33,3 пайызга азайган. Казак теңгесинде кирген которуулар жүргүзүлгөн эмес.

2023-жылдын ичинде чыккан акча которуулар 791,0 млн теңге суммасына 4,2 миң транзакцияны түзүү менен 2022-жылга салыштырганда 12,3 жана 23,6 пайызга азайган. 2023-жылдын ичинде казак теңгеси түрүндө кирген акча которуулар жүргүзүлгөн эмес.

**4-таблица. Акча которуу системалары боюнча акча которуулар**

| Акча которуу системалары | | 2022-ж. IV ч. | | 2023-ж. IV ч. | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | Саны, даана | Көлөмү, млн сом | Саны, даана | Көлөмү, млн сом |
| Western Union | Кирген | 56,5 | 1996,8 | 55,4 | 2241,2 |
| | Чыккан | 14,1 | 1950,3 | 9,3 | 870,1 |
| Contact | Кирген | 34,6 | 951,4 | 64,2 | 2662,3 |
| | Чыккан | 13,7 | 1796,7 | 41,0 | 2094,4 |
| Money Gram | Кирген | 36,9 | 1721,3 | 41,7 | 1989,4 |
| | Чыккан | 3,9 | 1073,4 | 2,5 | 376,1 |
| Юнистрим | Кирген | 215,9 | 6659,1 | 303,2 | 10106,8 |
| | Чыккан | 4,2 | 2209,4 | 1,3 | 128,3 |
| Золотая Корона | Кирген | 1848,5 | 45551,6 | 389,9 | 14400,7 |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | Чыккан | 168,0 | 14070,9 | 91,5 | 7084,2 |
| RIA | Кирген | 15,6 | 606,4 | 18,7 | 832,9 |
| | Чыккан | 0,7 | 41,3 | 0,7 | 39,0 |
| UPT | Кирген | 6,6 | 244,2 | 11,1 | 435,4 |
| | Чыккан | 20,46 | 12487,6 | 5,2 | 1136,9 |
| Astrasend | Кирген | 0,5 | 8,4 | 931,6 | 15513,7 |
| | Чыккан | - | - | 0,003 | 0,02 |
| PLUSPAY | Кирген | - | - | 0,2 | 19,2 |
| | Чыккан | - | - | - | - |
| **Жыйынтыгында системалар боюнча** | **Кирген** | 2215,0 | 57739,1 | 1815,9 | 48201,6 |
| | **Чыккан** | 225,0 | 33629,6 | 151,4 | 11728,9 |

## 2.5. Банктык төлөм карталар рыногу

2023-жылдын 31-декабрына карата абал боюнча Кыргыз Республикасынын аймагында «Элкарт» улуттук төлөм системасынын банктык төлөм карталарынын эмиссиясы жана эквайринги боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү 21 коммерциялык банк, эл аралык төлөм системасы боюнча – 14 банк сунуштаган.

Жүгүртүүдөгү банктык төлөм карталарынын жалпы саны 2023-жылдын 31-декабрына карата абал боюнча 6 890,3 миң картаны түзүү менен өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 31,6 пайызга өскөн.

Төлөм карталарын түрлөргө бөлүштүргөндө төмөнкүнү түзгөн:

**- «Элкарт» улуттук системасы** **3 472 419 (50,4%):**
- «Элкарт» 3 467 770 (50,3%);
- «Элкарт-UPI» 4 649 (0,1%).

**- эл аралык системалар** **3 417 880 (49,6%):**
- VISA 3 249 488 (47,2%);
- Mastercard 55 322 (0,8%);
- Золотая Корона 92 055 (1,3%);
- Union Pay International 21 015 (0,3%).


**5-таблица. Жүгүртүүдөгү карталардын областтар жана системалар боюнча саны**

| Региондун аталышы | Visa | Master Card | Золотая Корона | Элкарт | UPI | Элкарт-UPI | Жыйын-тыгында | Үлүшү (%) |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Бишкек ш. | 2 406 783 | 31 920 | 24 468 | 1 023 173 | 17 955 | 1 882 | 3 506 181 | 50,9 |
| Чүй областы | 144 130 | 6 812 | 13 910 | 322 996 | 719 | 848 | 489 415 | 7,1 |
| Ысык-Көл областы | 112 552 | 2 305 | 5 911 | 277 834 | 890 | 57 | 399 549 | 5,8 |
| Нарын областы | 31 034 | 1 450 | 6 462 | 170 990 | 32 | 410 | 210 378 | 3,1 |
| Талас областы | 45 202 | 1 921 | 4 440 | 129 364 | 358 | 128 | 181 413 | 2,6 |
| Жалал-Абад областы | 200 672 | 4 348 | 16 449 | 573 509 | 498 | 770 | 796 246 | 11,6 |
| Ош областы | 248 895 | 5 071 | 12 021 | 665 903 | 507 | 544 | 932 941 | 13,5 |
| Баткен областы | 60 220 | 1 495 | 8 394 | 304 001 | 56 | 10 | 374 176 | 5,4 |
| **Жыйынтыгында** | **3 249 488** | **55 322** | **92 055** | **3 467 770** | **21 015** | **4 649** | **6 890 299** | **100** |


Бишкек шаары боюнча коммерциялык банктардын филиалдары/сактык кассалары, финансылык ресурстар топтолгон эң жогорку көрсөткүчкө ээ жана демек төлөм кызмат көрсөтүүлөр рыногу да кыйла өнүккөн. Алсак, 2023-жылдын IV чейрегинин ичинде карталарды колдонуу менен жүргүзүлгөн операциялардын жалпы көлөмүндөгү көбүрөөк үлүш 50,9 пайызды түзүү менен Бишкек шаарына туура келген. Ал эми кыйла төмөн көрсөткүч Талас областында – 2,6 пайыз чегинде катталган.

2023-жылдын IV чейрегинде карталарды колдонуу менен эсептешүүлөр системалары боюнча коммерциялык банктардын банктык эсептериндеги депозиттик базанын калдыктарынын көлөмү 90,4 млрд сомду түзүп, өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда өсүш 46,3 пайызга өскөн.

**8-график. 2023-ж. 31-декабрына карата областтар боюнча**




**9-график. 2023-ж. IV чейреги үчүн карттарды колдонуу менен**




**Банктык төлөм карталар эквайринги**

2023-жылдын IV чейрегинин акырына карата банктык төлөм карталары, анын ичинде «Элкарт» улуттук төлөм картасы, республика боюнча орнотулган 2 260 банкоматта жана 23 009 POS-терминалдарда тейлөөгө кабыл алынган.

2 260 банкоматтын ар биринде «карабай терүү» баскычы (5-саны томпок) бар, 12 банкоматта – аудио (үн) менен коштоо (операцияларды үн менен коштоо) функциясы каралган, 1 135 даана банкомат үчүн пандус орнотулган, 789 банкомат үчүн пандус орнотуу зарылдыгы жок, 336 жабдуу үчүн пандус орнотулган эмес. Өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда банкоматтардын саны 10,7 пайызга же 219 банкоматка көбөйгөн. 23 009 POS-терминалдын ичинен 12 477 «карабай терүү» баскычы (5-саны томпок) бар, 20 508 даана POS-терминалда – байланышсыз төлөө функциясы каралган. Өткөн жылга салыштырганда POS-терминалдардын саны 41,6 пайызга же 6 757 даанага көбөйдү. 2023-жылдын 31-декабрына карата төлөм терминалдарынын саны 2 775 бирдикти түзөт, алардын ичинен 879 төлөм терминалында аудио (үн) менен коштоо функциясы бар, 1 896 төлөм терминалында аудио (үн) менен коштоо функциясы жок, 1 171 төлөм терминалында пандус бар, 516 төлөм терминалында пандус жок. Төлөм терминалдарынын саны 2022-жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 17,6 пайызга же 404 бирдикке көбөйгөн, ал эми 2023-жылдын башталышынан бери 17,8 пайызга же 419 бирдикке көбөйгөн.

Банктык төлөм карталарын колдонуу менен эсептешүүлөрдүн эл аралык төлөм системасын тейлеген POS-терминалдардын жана банкоматтардын жалпы саны төмөнкүнү түзгөн:

- VISA жана Mastercard эл аралык системалары – 812 банкомат жана 8 341 POS-терминал;
- «Золотая Корона» эл аралык системасы – 277 банкомат жана 4 436 POS-терминал;
- UPI эл аралык системасы – 443 банкомат жана 4 538 POS-терминал.

**6-таблица. Аралыкта орнотулган жабдуулардын областтар боюнча саны** (даана)

| Региондун аталышы | Банкоматтар | POS-терминалдар | | Төлөм терминалдары |
|---|---|---|---|---|
| | | Соода-тейлөө ишканаларында | Банктарда | |
| Бишкек ш. | 816 | 12 555 | 774 | 765 |
| Чүй областы | 240 | 2 340 | 255 | 271 |
| Ысык-Көл областы | 221 | 1 530 | 239 | 344 |
| Нарын областы | 86 | 381 | 156 | 141 |
| Талас областы | 92 | 437 | 101 | 151 |
| Жалал-Абад областы | 314 | 1 054 | 369 | 384 |
| Ош областы | 367 | 1 768 | 472 | 534 |
| Баткен областы | 124 | 412 | 166 | 185 |
| **Жыйынтыгында:** | **2 260** | **20 477** | **2 532** | **2 775** |

**Банктык төлөм карталарын колдонуу менен жүргүзүлгөн операциялардын көлөмүнүн жана санынын динамикасы**


2023-жылдын IV чейрегинин жыйынтыгы боюнча карта колдонуу менен жалпы суммасы 225,5 млрд сомго 58,4 млн транзакция жүргүзүлгөн (өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда көрсөткүчтөр, тиешелүүлүгүнө жараша 32,6 жана 47,5 пайызга көбөйгөн). Алардын ичинен:

- акча каражаттарын накталай акчага айландыруу боюнча операциялардын саны 175,2 млрд сом жалпы суммасында 23,7 млн транзакцияны түзгөн, бул өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда операциялардын саны 10,7 пайызга, ал эми көлөмү 27,5 пайызга көбөйгөн;
- соода-тейлөө ишканаларында POS-терминалдар аркылуу жүргүзүлгөн операциялардын саны 34,7 млн транзакцияны түзүү менен жалпы 50,3 млрд сом суммасын түзгөн, өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда операциялардын саны 90,7 пайызга, ал эми көлөмү – 53,4 пайызга өскөн.

### 2.6. QR-коддорду колдонуу менен төлөмдөрдү жана которууларды жүргүзүү

2023-жылдын аягына карата абал боюнча 20 банк (23[1] банктын ичинен) жана 5 төлөм системасынын операторлору/төлөм уюмдары системалар аралык интеграцияны камсыз кылууда жана QR-коддорду колдонуу менен төлөмдөрдү жана которууларды жүргүзүү боюнча кызматтарды сунуштоодо.

**10-график. 2023-ж. 31-декабрына карата QR-коддордун аймактык өнүгүүсү**




Системалар аралык интеграциянын алкагында 2023-жылдын 31-декабрына карата банктар жана төлөм системаларынын операторлору/төлөм уюмдары тарабынан соода-тейлөө ишканаларында, анын ичинде Кыргыз Республикасынын региондорунда да 38 9 миң QR-код орнотулган.

2023-жылдын IV чейрегинде өз ара иш алып баруу оператору[2] системасы аркылуу 1,9 млрд сом суммасына 1 956 824 төлөм өткөрүлгөн, алардын ичинен мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөр үчүн 6 457 төлөм 31,7 млн сом суммасын түзгөн.

**7-таблица. 2023-жылдын ичинде өз ара иш алып баруу оператору системасы аркылуу жүргүзүлгөн операциялар**

| Көрсөткүчтөр | 2023-ж. I чейреги | 2023-ж. II чейреги | 2023-ж. III чейреги | 2023-ж. IV чейреги | 2023-жылдын жыйынтыгы боюнча |
|---|---|---|---|---|---|
| Саны | 42 561 | 264 948 | 796 809[3] | 1 956 824 | 3 061 142 |
| Көлөмү, млн сом | 91,28 | 396,7 | 800,9 | 1 953,1 | 3 242,0 |

[1] Үч банк «ЭЛКАРТ» төлөм системасынын мүчөсү болуп саналбайт.
[2] Өз ара иш алып баруу оператору – ошол процессинг, клиринг борборунун төлөм системасынын катышуучуларына үчүнчү жактардын төлөмдөрү жана эсептешүүлөрү боюнча финансылык маалыматты кабыл алуу, иштеп чыгуу жана берүү боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү (процессинг, клиринг) сунуштоого Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын (мындан ары - Улуттук банк) лицензиясына ээ, төлөм системасынын катышуучулары менен техникалык өз ара иш алып барууну жана QR-кодду колдонуу менен төлөмдөр боюнча акыркы эсептешүүлөрдү жүргүзүү үчүн клиринг файлдарынын түзүлүшүн камсыз кылган төлөм системасынын оператору.
[3] Катышуучу тарабынан оңдоолорду эске алуу менен

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| Мамлекеттик төлөмдөрдүн саны | 4 611 | 8 728 | 7 788[3] | 6 457 | 27 584 |
| Мамлекеттик төлөмдөрдүн көлөмү, млн сом | 8,6 | 12,9 | 12,2 | 31,7 | 65,4 |

2023-жылдын IV чейрегинде банктар, төлөм системаларынын операторлору/төлөм уюмдары аркылуу төмөнкү операциялар ишке ашырылган:

**8-таблица. QR-коддорду колдонуу менен которуулар**

| Которуулар | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Катышуучунун категориясы** | **Өз системасында** | | **Системалар аралык** | | | |
| | | | **Кирген** | | **Чыккан** | |
| | **Саны** | **Көлөмү, сом** | **Саны** | **Көлөмү, сом** | **Саны** | **Көлөмү, сом** |
| Коммерциялык банктар | 2 520 792 | 1 318 837 926 | 92 079 | 238 297 637 | 144 244 | 538 993 163 |
| Төлөм системасынын операторлору/төлөм уюмдары | 44 | 51 792 | 114 | 210 883 | 164 090 | 64 161 533 |

**9-таблица. QR-коддорду колдонуу менен товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөө**

| Товарлар/кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөө | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Катышуучуну н категориясы** | **Өз соода-тейлөө ишканаларынын пайдасына (чыг.)** | | **Алардын ичинен бюджетке төлөмдөр** | | **Системалар аралык төлөмдөр** | | | |
| | | | | | **Кирген** | | **Чыккан** | |
| | **Саны** | **Көлөмү, сом** | **Саны** | **Көлөмү, сом** | **Саны** | **Көлөмү, сом** | **Саны** | **Көлөмү, сом** |
| Коммерциялык банктар | 61 669 | 90 574 809 | 6 803 | 33 493 455 | 616 420 | 813 921 795 | 1 432 084 | 1 147 599 344 |
| Төлөм системасынын операторлору / төлөм уюмдары | 583 689 | 554 288 441 | 0 | 0 | 1 225 351 | 799 567 886 | 78 780 | 46 367 570 |

### 2.7. Электрондук акча

2023-жылдын IV чейрегинин акырына карата алты коммерциялык банк электрондук акчанын эмитенти болуп саналган жана электрондук акча менен эсептешүүлөрдү жүргүзүү боюнча он локалдык система иш алып барган.

Өткөн мезгилге салыштырганда электрондук акча боюнча көрсөткүчтөрдүн өсүшү байкалган, бул аларды колдонуунун жөнөкөйлүгү жана ыңгайлуулугу менен байланыштуу. Алсак, электрондук капчыктардын жалпы саны 6,5 млн капчыкты түзүү менен 6,3 пайызга көбөйгөндүгү белгиленген (өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда көрсөткүч 19,7 пайызга жогорулаган), алардын ичинен идентификацияланган электрондук капчыктардын саны 2,7 млн (бардык электрондук капчыктардын жалпы санынын 42,1 пайызы) түзгөн.

2022-жылдын ушул мезгилине салыштырганда отчеттук мезгил ичинде:

- электрондук капчыктар ортосунда акча каражаттарын которуу операцияларынын көлөмү 8,4 пайызга азайып, 7,4 млрд сомду түзгөн, которуулардын саны 3,3 млн операцияны түзүү менен 65,3 пайызга көбөйгөн;


- электрондук акчанын ордун жабуу боюнча операциялардын көлөмү 18,0 пайызга азайып, 3,7 млрд сомду түзгөн, ошондой эле операциялардын саны 16,4 пайызга азайып, 1,0 млн операцияны түзгөн;

- отчеттук мезгилде товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөө боюнча операциялардын көлөмү 33,9 пайызга көбөйүп, 8,9 млрд сомду түзгөн, мында операциялардын саны 53,4 пайызга көбөйүп, 6,8 млн операция чегинде катталган;


- электрондук капчыкты толуктоо аркылуу электрондук акчаны таратуу боюнча операциялардын саны жана көлөмү тиешелүүлүгүнө жараша 44,8 пайызга жана 12,3 пайызга жогорулап, 9,8 млрд сомго 3,6 млн операцияны түзгөн.

2022-жыл жана 2023-жыл боюнча маалыматтарды салыштыруу төмөндө келтирилген:

**11-график. Электрондук капчыктардын санынын динамикасы (млн бирдик)**




**12-график. Электрондук акчалар менен транзакциялардын саны жана көлөмү**




**10-таблица. Электрондук капчыктардын саны боюнча салыштырма таблица**

| Электрондук капчыктардын саны (млн) | 2022-ж. акырына карата | 2023-ж. акырына карата | 2022-жылды 2023-жыл менен салыштыруудагы өсүш |
|---|---|---|---|
| **Электрондук капчыктардын жалпы саны** | 5,4 | 6,5 | 19,8% |
| **Идентификацияланган электрондук капчыктар** | 2,0 (электрондук капчыктардын жалпы санынын 37,2%) | 2,7 (электрондук капчыктардын жалпы санынын 42,1%) | 35,3% |

**11-таблица. Электрондук капчыктарды колдонуу менен жүргүзүлгөн операциялар боюнча салыштырма маалымат**

| Операциялардын аталышы | Өлчөө бирдиги | 2022-ж. IV чейреги | 2022-ж. | 2023-ж. I чейреги | 2023-ж. II чейреги | 2023-ж. III чейреги | 2023-ж. IV чейреги | 2023-ж. | 2022-ж. менен 2023-ж. салыштыруу |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Которуулар** | саны (млн) | 2,0 | 6,4 | 2,0 | 2,2 | 2,7 | 3,3 | 10,2 | 58,9% |
| | көлөмү (млрд) | 8,0 | 22,5 | 5,7 | 6,1 | 6,6 | 7,4 | 25,7 | 14,6% |

| | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Электрондук акчанын ордун жабуу** | саны (млн) | 1,2 | 5,0 | 0,5 | 1,3 | 0,8 | 1,0 | 3,6 | -28,0% |
| | көлөмү (млрд) | 4,5 | 20,4 | 3,0 | 5,6 | 4,1 | 3,7 | 16,4 | -19,6% |
| **Товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөө** | саны (млн) | 4,4 | 15,3 | 4,3 | 4,5 | 5,2 | 6,8 | 20,8 | 35,7% |
| | көлөмү (млрд) | 6,7 | 20,9 | 6,2 | 6,7 | 7,6 | 8,9 | 29,4 | 41,2% |
| **Электрондук капчыкты толтуруу жолу менен электрондук акчаларды таратуу** | саны (млн) | 2,5 | 9,0 | 2,5 | 2,7 | 3,1 | 3,6 | 11,9 | 32,5% |
| | көлөмү (млрд) | 8,7 | 34,3 | 7,8 | 8,2 | 8,6 | 9,8 | 34,3 | 0,0% |

**2.8. Төлөм системаларынын операторлору жана төлөм уюмдары**

2023-жылдын 31-декабрына карата 30 юридикалык жак Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын лицензиясына ээ болгон, анын ичинен: 28 лицензия – төлөм системасынын операторунун ишин жүзөгө ашыруу укугуна жана 29 лицензия – төлөм уюмунун ишин жүзөгө ашыруу укугуна берилген.

2023-жылдын IV чейрегинде төлөм уюмдары аркылуу жалпы 120,4 млрд сом суммасына 63,9 млн транзакция өткөрүлгөн. 2022-жылдын IV чейрегине салыштырмалуу төлөмдөрдүн жалпы саны 18,6 пайызга, ал эми төлөмдөрдүн көлөмү 86,3 пайызга көбөйгөн.

Отчеттук мезгилде төлөмдөрдүн олуттуу бөлүгү финансы-кредит уюмдарынын кызматтары үчүн (электрондук капчыктарды толуктоону кошпогондо) төлөмдөргө туура келген – бул жалпы 88,4 млрд сом суммасына (бардык төлөмдөрдүн жалпы көлөмүнүн 73,4 пайызы) 20,7 млн транзакцияны (төлөмдөрдүн жалпы санынын 32,5 пайызы) түзгөн. Алардын ичинен:

- банк эсебин толуктоо боюнча 41,8 млрд сом суммасына (бардык төлөмдөрдүн жалпы көлөмүнүн 34,7 пайызы) 9,5 млн транзакция (төлөмдөрдүн жалпы санынын 14,9 пайызы) өткөрүлгөн;
- финансы-кредит уюмдарынын кредиттерин төлөө боюнча 6,5 млрд сом суммасына (бардык төлөмдөрдүн жалпы көлөмүнүн 5,5 пайызы) 1,3 млн транзакция (төлөмдөрдүн жалпы санынын 2,1 пайызы) өткөрүлгөн;
- башка банктык кызмат көрсөтүүлөрдүн пайдасына 40 млрд сом суммасына (бардык төлөмдөрдүн жалпы көлөмүнүн 33,3 пайызы) 9,9 млн транзакция (төлөмдөрдүн жалпы санынын 15,6 пайызы) өткөрүлгөн.

Мобилдик байланыш операторлорунун пайдасына төлөмдөрдүн көлөмү 8,4 млрд сом суммасына (бардык төлөмдөрдүн жалпы көлөмүнүн 7 пайызы) 21,4 млн транзакция (төлөмдөрдүн жалпы санынын 33,6 пайызы) өткөрүлгөн.

Мамлекеттик жана коммуналдык товарларды/кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоочулардын пайдасына төлөмдөрдүн көлөмү (коммуналдык кызматтарга төлөө, салык жыйымдары, жол кыймылынын эрежелерин бузгандыгы үчүн айып пул, мамлекеттик бюджетке башка төлөмдөр) 3,7 млрд сомду (төлөмдөрдүн жалпы көлөмүнүн 3,1 пайызы), ал эми төлөмдөрдүн саны 4,8 млн транзакцияны (төлөмдөрдүн жалпы санынын 7,6 пайызы) түзгөн.

Электрондук капчыктарды толуктоо көлөмү 9,7 млрд сомду (бардык төлөмдөрдүн жалпы көлөмүнүн 8,1 пайызы), саны 5,0 млн транзакцияны (төлөмдөрдүн жалпы санынын 7,8 пайызы) түзгөн.


**12-таблица. Төлөм уюмдары аркылуу өткөрүлгөн төлөмдөрдүн саны жана көлөмү:**

| № | Төлөмдүн түрү | Саны *(бирдик)* | Үлүшү *(%)* | Көлөмү *(миң сом)* | Үлүшү *(%)* |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Мобилдик байланыш | 21 470 194 | 33,59% | 8 425 589,43 | 7,00% |
| 2 | Туруктуу телефон байланышы | 31 876 | 0,05% | 9 736,37 | 0,01% |
| 3 | Интернет | 728 536 | 1,14% | 641 169,88 | 0,53% |
| 4 | Коммуналдык кызматтар | 4 459 625 | 6,98% | 3 316 900,40 | 2,75% |
| 5 | Салык жыйымдары | 7 940 | 0,01% | 13 926,33 | 0,01% |
| 6 | Жол кыймылынын эрежелерин бузгандыгы үчүн айып пул | 179 406 | 0,28% | 224 208,88 | 0,19% |
| 7 | Мамлекеттик бюджетке башка төлөмдөр | 212 544 | 0,33% | 156 006,55 | 0,13% |
| 8 | Банк эсебин толуктоо | 9 505 090 | 14,87% | 41 797 164,42 | 34,71% |
| 9 | ФКУнун кредити үчүн төлөө | 1 328 327 | 2,08% | 6 595 852,23 | 5,48% |
| 10 | Башка банктык кызмат көрсөтүүлөр | 9 942 961 | 15,56% | 40 051 520,24 | 33,26% |
| 11 | Электрондук капчыкты толуктоо | 5 000 095 | 7,82% | 9 763 059,74 | 8,11% |
| 12 | Интернет-дүкөндөр | 287 012 | 0,45% | 476 132,38 | 0,40% |
| 13 | Социалдык тармактар | 476 149 | 0,74% | 225 430,00 | 0,19% |
| 14 | Интернет оюндары | 16 814 | 0,03% | 7 655,89 | 0,01% |
| 15 | Башка интернет-тиркемелердеги эсепти толуктоо | 22 800 | 0,04% | 42 693,99 | 0,04% |
| 16 | Такси кызматтары үчүн төлөө | 4 567 978 | 7,15% | 825 855,01 | 0,69% |
| 17 | Жарнама кызмат көрсөтүүлөрү | 99 990 | 0,16% | 45 895,70 | 0,04% |
| 18 | Кулактандыруулар | 29 790 | 0,05% | 18 544,67 | 0,02% |
| 19 | Кайрымдуулук | 1 971 | 0,00% | 679,39 | 0,00% |
| 20 | Билим берүү | 145 841 | 0,23% | 419 465,36 | 0,35% |
| 21 | Туристтик сапарлар | 17 877 | 0,03% | 27 938,98 | 0,02% |
| 22 | Башка төлөмдөр | 5 436 700 | 8,51% | 7 342 551,03 | 6,10% |
| **2023-жылдын IV чейрегинин жыйынтыгында** | | **63 913 323** | **100** | **120 428 781,48** | **100** |

**13-график. Төлөмдөрдүн саны, %**




**14-график. Төлөмдөрдүн көлөмү, %**




Төлөм уюмдары тарабынан 2023-жылы жүргүзүлгөн төлөмдөрдүн санынын жана көлөмүнүн көрсөткүчтөрүнүн өзгөрүү тенденциясы ушул отчетко карата 1 жана 2-тиркемелерде келтирилген.

Төлөм уюмдарынын иши автоматташтырылган өз алдынча тейлөө терминалдары (cash-in), агенттик тармак (анын ичинде агенттердин мобилдик тиркемелери аркылуу) жана электрондук акчаны колдонуу аркылуу үчүнчү жактардын пайдасына төлөмдөрдү кабыл алууга негизделген.

2022-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 2023-жылдын IV чейрегинин аягына карата төлөм уюмдарынын жана алардын агенттеринин төлөм терминалдарынын саны 1,2 эсе көбөйүп, 13 051 бирдикти түзгөндүгүн белгилеп кетүү зарыл.

Алар аркылуу төлөм уюмдары товарларды/кызматтарды сунуштоочулар өз кардарларына (абоненттерине) мурда салынган авванстык каражаттарды/алдын ала төлөнгөн каражаттарды же алардын бөлүктөрүн кайтарып берүүнүн эсебинен төлөмдөрдү кабыл алууну жана өткөрүүнү жүзөгө ашырган, катталган агенттердин мобилдик тиркемелеринин саны (мындан ары – мобилдик тиркемелер) отчеттук мезгилдин акырына карата 6 711 172 мобилдик тиркемени түзгөн (бул 2022-жылдын ушул эле отчеттук мезгилинин акырындагы көрсөткүчтөрдөн 1,5 эсеге жогору), алардын ичинен идентификациялоо жана верификациялоодон өткөндөрдүн саны 2 147 206 мобилдик тиркемени колдонуучуну түзгөн (бул 2022-жылдын ушул эле отчеттук мезгилинин акырындагы көрсөткүчтөрдөн 1,6 эсеге жогору).

### 2.9. Банктык чекене агенттер

Агенттерди ишке тартуу коммерциялык банктарга товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөмдөрдү жана эсептешүүлөрдү кабыл алуу жана жүргүзүү, кредиттерди төлөө, банктык эсепти толуктоо, банктык карталардан нак акча каражаттарын берүү, бюджетке төлөмдөрдү кабыл алуу ж.б. боюнча калкка финансылык кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоо чөйрөсүн кеңейтүүгө шарт түзөт.

2023-жылдын IV чейрегинин жыйынтыгы боюнча ишке тартылган банктык чекене агенттердин саны төмөнкүнү түзгөн:

- 147 агент кызмат көрсөтүүлөрдүн кеңири чөйрөсүн сунуштаган. Өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда агенттердин саны 24 агентке же 19,5 пайызга көбөйгөн.
- 3 539 агент кызмат көрсөтүүлөрдүн чектелген чөйрөсүн сунуштаган. Өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда бул агенттердин саны 764 агентке же 27,5 пайызга көбөйгөн.

### 2.10. Коммерциялык банктардын төлөм кызматтары үчүн тарифтери

Төлөм кызматтарына тарифтер коммерциялык банктар тарабынан ички өнүктүрүү стратегиясына жана рыноктун конъюнктурасына ылайык, корпоративдик кардарлар, жеке ишкерлер, юридикалык жана жеке жактар үчүн валютанын түрү (улуттук, чет өлкө валютасы) боюнча белгиленет.

2023-жылдын 1-октябрына карата коммерциялык банктардын төлөм кызматтарына тарифтер боюнча маалымат 23 коммерциялык банктын маалыматтарын камтыйт (2022-жылдын ушул эле мезгилиндеги маалыматтар 23 коммерциялык банк тарабынан берилген).

2023-жылдын төртүнчү чейреги үчүн банк тарифтери боюнча мурунку отчеттук мезгилге салыштырмалуу олуттуу өзгөрүүлөр болгон жок.

**13-таблица. Эсептешүү-кассалык тейлөөгө тарифтер** (сом менен)

| **Кызматтын түрлөрү** | **Жеке адамдар** | | | | **Юридикалык жактар** | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Улуттук валюта | | Чет өлкө валютасы | | Улуттук валюта | | Чет өлкө валютасы | |
| | мин. | макс. | мин. | макс. | мин. | макс. | мин. | макс. |
| Эсеп ачуу | 0 | 5000 | 0 | 5000 | 0 | 10000 | 0 | 10 000 |
| Эсепти тейлөө (1 жылга) | 0 | 5000 | 0 | 50 | 0 | 5000 | 0,00 | 500 |

**14-таблица. Банктык төлөм карталарын тейлөөгө тарифтер**

| **Кызматтын түрлөрү** | **«ЭЛКАРТ» улуттук системасынын банктык төлөм карталары** | **Эл аралык төлөм системаларынын (VISA, Mastercard жана ж. б.) банктык төлөм карталары** | |
|---|---|---|---|
| | улуттук валютада | улуттук валютада | чет өлкө валютасында |
| Карталарды берүү | 0дөн 350 сомго чейин | 0дөн 60 000 сомго чейин | 0дөн 9853 сомго чейин |
| Жылдык тейлөө үчүн комиссия | 0дөн 500 сомго чейин | 0дөн 22 800 сомго чейин | 0дөн 26 613 сомго чейин |
| Картаны чыгарган банктын инфраструктурасынан накталай акча чыгаруу | суммадан 0дөн 0,6 пайызга чейин | суммадан 0дөн 1,5 пайызга чейин | суммадан 0дөн 5 пайызга чейин |
| Башка банктардын инфраструктураларынан накталай акча чыгаруу | суммасынан 0 дөн 0,6 пайызга чейин | суммасынан 0 дөн 2 пайызга чейин | 0 пайыздан 5 пайызга чейин суммадан |

**15-таблица. Эсеп ачпастан эл аралык акча которуу системалары аркылуу акча которуулар боюнча тарифтер**

| **Акча которуу системасы** | Мин. (суммадан %) | Макс. (суммадан %) |
|---|---|---|
| Western Union | 0 | 4,0 |
| Contact | 0 | 4,0 |
| Money Gram | 0 | 3,00 |
| Золотая корона | 0 | 1,50 |
| unistream эл аралык | 0 | 3,00 |
| RIA | 0 | 3,00 |
| UPT | 0 | 0 |
| Astrasend | 0 | 3,00 |
| PLUSPAY | 0 | 1,00 |

**16-таблица. Чек ара аркылуу өтүүчү төлөмдөр системасы боюнча акча которуу кызматтарына тарифтер**

| **Кызматтын түрлөрү** | Миң. (% менен) | Макс. (% менен) |
|---|---|---|
| SWIFT системасы боюнча которуулар | 0 | 0,65 |

**3. Методологиялык иш**

Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасы ченемдик укуктук актыларды өркүндөтүү максатында төмөнкү токтомдорду кабыл алган:

1. 2023-жылдын 11-октябырында № 2023-П-14/64-1-(ПС) «Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2019-жылдын 2-сентябрындагы № 2019-П-14/46-1-(ПС) «Төлөм уюмдарынын жана төлөм системаларынын операторлорунун ишин лицензиялоо жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу» токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» токтому бекитилген. Өзгөртүүлөр өтүнүч ээсинин/лицензиаттын башкаруунун аткаруу органынын мүчөлөрүнө, төлөм уюмунун/төлөм системасынын операторунун уставдык капиталын

түзүүгө багытталган акча каражаттардын келип чыгуу булактарын тастыктоо жана катышуучулардын курамын өзгөртүү үчүн зарыл болгон документтерге, өтүнүч ээсинин аффилирленген жана байланыштуу жактары жөнүндө маалыматтарга карата талаптарды өркүндөтүү максатында киргизилген.

2. 2023-жылдын 1-ноябрында бекитилген Кыргыз Республикасынын Бюджеттик классификациясына ылайык келтирүү максатында Улуттук банк Башкармасынын токтому менен Төлөм жүгүртүлүшүнүн мамлекеттик классификаторуна өзгөртүүлөр киргизилди.

3. 2023-жылдын 27-декабрында коммерциялык банктар жана төлөм уюмдары төлөм терминалдарын жана банкоматтарын улуттук валютанын жүгүртүүгө киргизилген жаңы банкнотторун кабыл алуу үчүн ыңгайлаштыруу мөөнөттөрүн аныктоо жолу менен калкка финансылык кызмат көрсөтүүлөрдү тоскоолдуксуз пайдаланууну камсыз кылуу максатында Улуттук банк Башкармасынын токтому менен «Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктарында жана банктык эмес финансы-кредит уюмдарында кассалык операцияларды ишке ашыруу боюнча минималдуу талаптар жөнүндө» жобого өзгөртүүлөр киргизилди.

4. Кыргыз Республикасында накталай эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн мындан ары көбөйтүү, инновациялык жана санариптик финансылык кызмат көрсөтүүлөрдү колдонууну өнүктүрүү жана кеңейтүү, акча жүгүртүүнүн ачык-айкындыгына жетишүү жана көмүскө экономиканы кыскартуу максатында, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин жана Улуттук банктын 2023-жылдын 29-декабрындагы № 737-67/7 токтому менен 2023-2027-жылдарга накталай эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн көбөйтүү боюнча мамлекеттик программа бекитилди.

«Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2023-жылдын 31-мартындагы № 2023-П-14/21-2-(ПС) «Эсептешүү банкына карата минималдуу талаптар жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу» токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» токтом долбоору коомдук талкууга чыгарылды.

Эскертүү: Коммерциялык банктар, төлөм системаларынын операторлору жана төлөм уюмдары корректировкаларды киргизиши мүмкүндүгүнө байланыштуу жогоруда келтирилген маалыматтар өзгөрүшү мүмкүн.

1-тиркеме. 2023-жыл жана 2022-жыл ичинде төлөм уюмдары тарабынан ишке ашырылган төлөмдөрдүн саны жана көлөмү

| № | Төлөмдүн түрү | 2023-ж. | | 2022-ж. | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | **Саны** *(бирдик)* | **Көлөмү** *(миң сом)* | **Саны** *(бирдик)* | **Көлөмү** *(миң сом)* |
| 1 | Мобилдик байланыш | 104 208 650 | 40 541 963,41 | 117 384 770 | 36 203 901,38 |
| 2 | Туруктуу телефон байланышы | 118 081 | 35 972,91 | 168 741 | 44 036,87 |
| 3 | Интернет | 2 736 698 | 2 399 276,68 | 2 519 377 | 2 206 739,30 |
| 4 | Коммуналдык кызматтар | 14 552 034 | 11 142 318,84 | 11 200 183 | 7 530 041,48 |
| 5 | Салыктык жыйымдар | 75 429 | 109 930,38 | 99 553 | 136 890,18 |
| 6 | Жол кыймылынын эрежелерин бузгандыгы үчүн айып пулдар | 700 692 | 828 009,48 | 296 292 | 201 445,18 |
| 7 | Мамлекеттик бюджетке башка төлөмдөр | 612 827 | 541 759,02 | 438 080 | 347 495,02 |
| 8 | Банк эсебин толуктоо | 26 836 938 | 116 441 317,50 | 12 888 851 | 50 012 878,38 |
| 9 | ФКУ кредиттери үчүн төлөм | 3 823 186 | 18 108 633,36 | 2 234 717 | 8 852 731,62 |
| 10 | Башка банктык кызматтар | 30 802 673 | 125 807 291,23 | 9 790 740 | 40 113 528,37 |
| 11 | Электрондук капчыкты толуктоо | 15 467 820 | 33 101 197,77 | 11 925 529 | 25 520 769,38 |
| 12 | Интернет-дүкөндөр | 874 546 | 1 491 260,67 | 540 043 | 1 027 428,50 |
| 13 | Социалдык тармактар | 1 025 965 | 463 284,82 | 84 339 | 52 981,56 |
| 14 | Интернет оюндары | 72 839 | 34 758,87 | 76 421 | 32 946,64 |
| 15 | Башка интернет-тиркемелердеги эсепти толуктоо | 27 925 | 52 212,92 | 215 170 | 207 348,37 |
| 16 | Такси кызматтары үчүн төлөө | 15 754 495 | 2 647 793,12 | 8 012 592 | 1 161 122,32 |
| 17 | Жарнама кызмат көрсөтүүлөрү | 366 056 | 168 494,60 | 269 427 | 115 686,27 |
| 18 | Кулактандыруулар | 140 572 | 85 324,60 | 147 451 | 85 716,24 |
| 19 | Кайрымдуулук | 9 051 | 3 404,53 | 9 656 | 3 448,74 |
| 20 | Билим берүү | 371 189 | 1 061 167,01 | 228 725 | 495 116,67 |
| 21 | Туристтик сапарлар | 48 914 | 139 113,72 | 24 099 | 130 144,41 |
| 22 | Башка төлөмдөр | 16 607 838 | 24 662 297,69 | 7 685 293 | 12 858 728,73 |
| **Жыйынтыгында** | | **235 178 205** | **379 867 777,75** | **186 240 049** | **187 341 025,60** |

2-тиркеме. 2023-жылдын жана 2023-жылдын IV чейрегинде төлөм уюмдары тарабынан ишке ашырылган төлөмдөрдүн саны жана көлөмү

| № | Төлөмдүн түрү | 2023-ж. IV чейреги | | 2022-ж. IV чейреги | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | **Саны** *(бирдик)* | **Көлөмү** *(миң сом)* | **Саны** *(бирдик)* | **Көлөмү** *(миң сом)* |
| 1 | Мобилдик байланыш | 21 470 194 | 8 425 589,43 | 30 734 171 | 11 193 184,60 |
| 2 | Туруктуу телефон байланышы | 31 876 | 9 736,37 | 39 290 | 10 711,77 |
| 3 | Интернет | 728 536 | 641 169,88 | 732 277 | 637 760,79 |
| 4 | Коммуналдык кызматтар | 4 459 625 | 3 316 900,40 | 3 130 096 | 2 168 222,55 |
| 5 | Салыктык жыйымдар | 7 940 | 13 926,33 | 11 612 | 23 521,00 |
| 6 | Жол кыймылынын эрежелерин бузгандыгы үчүн айып пулдар | 179 406 | 224 208,88 | 82 413 | 64 007,77 |
| 7 | Мамлекеттик бюджетке башка төлөмдөр | 212 544 | 156 006,55 | 120 731 | 99 339,19 |
| 8 | Банк эсебин толуктоо | 9 505 090 | 41 797 164,42 | 4 211 534 | 17 240 875,27 |
| 9 | ФКУ кредиттери үчүн төлөм | 1 328 327 | 6 595 852,23 | 716 141 | 3 005 391,34 |
| 10 | Башка банктык кызматтар | 9 942 961 | 40 051 520,24 | 4 459 450 | 17 592 011,18 |
| 11 | Электрондук капчыкты толуктоо | 5 000 095 | 9 763 059,74 | 3 123 581 | 7 288 005,68 |
| 12 | Интернет-дүкөндөр | 287 012 | 476 132,38 | 160 599 | 355 357,79 |
| 13 | Социалдык тармактар | 476 149 | 225 430,00 | 52 413 | 35 268,60 |
| 14 | Интернет оюндары | 16 814 | 7 655,89 | 17 341 | 8 878,56 |
| 15 | Башка интернет-тиркемелерде эсепти толуктоо | 22 800 | 42 693,99 | 1 847 | 2 688,66 |
| 16 | Такси кызматтары үчүн төлөө | 4 567 978 | 825 855,01 | 3 008 780 | 471 565,69 |
| 17 | Жарнама кызмат көрсөтүүлөрү | 99 990 | 45 895,70 | 69 753 | 31 866,47 |
| 18 | Кулактандыруулар | 29 790 | 18 544,67 | 34 833 | 19 005,00 |
| 19 | Кайрымдуулук | 1 971 | 679,39 | 1 491 | 354,98 |
| 20 | Билим берүү | 145 841 | 419 465,36 | 92 514 | 199 630,17 |
| 21 | Туристтик сапарлар | 17 877 | 27 938,98 | 5 812 | 34 273,96 |
| 22 | Башка төлөмдөр | 5 436 700 | 7 342 551,03 | 3 095 981 | 4 158 594,86 |
| **Жыйынтыгында** | | **63 913 323** | **120 428 781,48** | **53 902 660** | **64 640 515,88** |